И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетининин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык **кеңештин эксперти,** педагогика илимдеринин кандидаты, **профессор К.Ч. Джанузаковдун 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы** боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу”** деген темадагы диссертациясына

# Корутундусу

**Эксперт,** изденүүчү **Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу”** деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

**Айдаров Азамат Жекшенбаевич** тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетининин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д 13.23.662** диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште **13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарых** адистигинин паспортунун 6 жана **7** пунктарынын талаптарына толугу менен жооп берүүчү, статустук мектептерде билим алып жаткан окуучулардын экологиялык билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, ошондой эле алардын өз алдынча жаратылышты коргоого байланыштуу тажрыйбаларын калыптандыруунун көйгөйлүү теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө, экологиялык маданияттуулука тарбиялоонун компоненттерин, критерийлерин аныктоого жана окутуп-үйрөтүүнүн теориялык модели менен педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга жана аларды окуу-тарбия процессинде колдонуунун жолдорун, формаларын айкындоого байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

2. **Диссертациялык иштин максаты.**

Диссертациялык иштин максаты катары изденүүчү: статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо – деп белгилеген.

Белгиленген максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй **изилдөө милдеттери коюлган:**

1. Окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин аныктоо;

2. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу;

3. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык **шарттарын аныкталып, алар эксперименталдык жактан текшерүү.**

**Биздин оюбузча, үчүнчү милдет мазмундук жана редакциялык жактан кайрадан тактам чыгууну талап кылат.**

Диссертациялык иштин милдеттери негизинен изилдөөнүн максатына илимий жол менен жетүүгө багытталып алынган.

Диссертациялык иштин изилдөө **обьектиси** катары: статустук мектептерде билим берүү жана тарбиялоо процесси, ал эми изилдөөнүн **предмети** – статустук мектептердин билим берүү процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо – деп белгиленген.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык иштин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн жалпы педагогика илиминин негизги теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору, ыкмалары кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Эмпирикалык жана теориялык изилдөө методдорун колдонуу менен статустук мектептерде билим алып жаткан окуучулардын экологиялык билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн окуу-тарбия процессинде өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык маселелери, компоненттери, критерийлери жана алардын ички мазмуну, өзгөчөлүктөрү терең талдалып, илимий-теориялык жактан аныкталып, экологиялык компетенцияларды калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана теориялык модели иштелип чыккан.

Диссертациялык иш негизинен статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн жогорулатуунун учурдагы актуалдуу маселелеринен болгон – жаңы типтеги мектептерде окуучулардын экологиялык компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын, активдештирүү жолдорун аныктоого жана практикалык сунуштарын иштеп чыгууга багытталып жазылган.

Азыркы учурда, өлкөнүн жалпы билим берүү окуу жайларында, өзгөчө статустук мектептеринде - лицей, гимназияларында окуган окуучулардын экологиялык билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандыруунун илимий педагогикалык шарттарынын, жаңы формаларынын, колдонмолорунун жана ыкмаларынын жетишсиздиги, бул маанилүү маселелердин илимий негиздеринин эксперименталдык жол менен иштелип чыкпагандыгы, тажрыйбалык кеңештеринин аздыгы белгиленген темадагы диссертациялык изилдөөнү жалпы педагогика жана экологиялык билим берүүнүн учурдагы эң көйгөйлүү жана актуалдуу маселесин чечүүгө багытталып аткарылган илимий иш деп кабыл алууга негиз болуп берет.

## 3. Илимий натыйжалар.

Диссертациялык иште жалпы педагогика жана экологиялык билим берүү илиминин теориясын, методикасын жана практикасын жаңылоого багытталган жоболор алынып, статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун жаңы формалары, жолдору, педагогикалык шарттары жана теориялык модели иштелип чыгып, алар эксперименталдык негизде текшерилип жогорку класстын окуучуларынын экологиялык маданияттуулугун калыптандыруунун жаңы теориялык жана практикалык жоболору жана натыйжалары ачылып, төмөндөгүдөй болуп белгиленген:

3.1. Педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде заманбап статустук мектептердин КР билим берүү системасындагы орду аныкталып, алардагы жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталган;

3.2. Статустук мектептердеги жогорку класстын окуучуларынын экологияык компетенттүүлүгүнүн теориялык модели, алардын когнитивдик, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык-иш аракеттик, эмоционалдык-эрктүү компоненттери иштелип чыккан жана сунушталган;

3.3. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, алар эксперименталдык жол менен текшерилип , локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун педагогикалык технологиясы иштелип чыгып, апробациядан өтүп, тиешелүү сунуштар берилген.

Алынган илимий натыйжалардын илимий жаңылыгы жана баалуулугу: а) өлкөбүздө алгачкылардан болуп лицей жана гимназияларда билим алып жаткан окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздеринин изилдениши жана аныкталышы; б) жогорку класстын окуучуларынын экологиялык билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн жогорулатуунун педагогикалык шарттарынын жана теориялык моделинин иштелип чыгышы жана практикага киргизилиши; в) статустук мектептерде окуп билим алып жаткан окуучулардын экологиялык маданияттуулугун тереңдетүүнүн жаңы мазмундуу жолдорунун ачыкталышы жана экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруунун компоненттеринин, критерийлеринин мазмундарынын аныкталышы;

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иште алынган жоболордун жана натыйжалардын илимий-практикалык маанилүүлүгү статустук мектептерде билим алып жаткан окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин жана педагогикалык шарттарды колдонуунун жолдорун иштеп чыгууда, локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методикалык жактан камсыз кылууга байланыштуу аракеттерди көрүүгө умтулганында..

Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжаларды жана практикалык сунуштарды жалпы эле орто билим берүүчү мектептерде жана колледждерде

окуучулардын экологиялык маданияттуулугун жана билимин, көндүмдөрүн жогорулатууда, ошондой эле билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин экологиялык жана жаратылышты коргоого байланыштуу тарбия-таалимдик, адеп-ахлактык жана маданий-агартуучулук иш тажрыйбасын, кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарында, семинарларында кеңири колдонсо болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин диссертациялык ишинин жана авторефератынын жазылышы, изилдөө материалдарынын логикалык ырааттуулукта кыскартылып, түшүнүктүү берилиши жана жыйынтыктоочу ой-пикирлери, сунуштары диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Диссертациялык иште төмөндөгүдөй кемчиликтерге жана мүчүлүштүктөргө орун берилип калган:

**1.** Диссертациялык иштин 1-бапында жаңы типтеги мектептердин пайда болуу себептери, заманбап статустук мектептер деп аталышынын мааниси жана алардын айырмаланган өзгөчөлүктөрү, билим берүү программаларынын мазмуну илимий-теориялык жактан жеткиликтүү ачыкталбай, талдалбай калган.

**2.** Жалпы орто билим берүү мектептеринин окуу пландарындагы милдеттүү сабактардын окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы ордуна, ролуна, мазмунуна, кошкон салымына ( үлүшү ) жана алардын сандык, сапаттык көрсөткүчтөрүнө негиздүү көңүл бурулуп, аларга теориялык жана практикалык жактан салыштырмалуу талдоо жүргүлгөндө, диссертациялык изилдөөнүн биринчи милдетинин илимий-методикалык ачылыш мазмуну негиздүү болмок.

**3.** Диссертациянын 2-бапында диссертациялык иште белгиленген изилдөө методдорунун колдонулуш максаттары, себептери, илимий изилдөөлөрдөгү ролу жана мазмуну, чечүүчү милдеттери жеткиликтүү ачык жана багыттуу берилбей, “Экология” сабагын мектептерде окутуу методдоруна басымдуу көңүл бурулуп берилип калган.

**4.** Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшкөн педагогикалык шарттардын аныкталышы жана алардын эксперименталдык жол менен текшерилиши негиздүү ачыкталбай калган.

**5.** Диссертациялык иштин 3-бапында берилген эксперименталдык иштердин натыйжаларынын, статустук мектептин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттардын орду, мазмуну, экологиялык билим берүүнү өркүндөтүү менен байланышы негиздүү көрсөтүлбөй жана эксперименталдык группанын эксперименталдык программасынын мазмунунун көзөмөлдүк группанын окуу программасынын мазмунунан айырмасы толук ачыкталып берилбей калган.

**6.** Диссертациянын баптарынын тыянактары жана илимий эмгектин жалпы корутундулары изилдөөнүн милдеттерине жана максатына жараша так жооп берген, жыйынтыктардын мазмунун илимий негизде толук жана жеткиликтүү ачкан редакцияда берилбей, үстүртөн болуп калган.

7. Диссертациянын кол жазмасында жана авторефераттын текстинде айрым орфографиялык жана стилистикалык каталарга, бир канча ойду камтыган татаал, түшүнүксүз сүйлөмдөрдү түзүүгө жол берилип калган ( 12 б.; 14 б.; 22 б; 24 б., 25 б.; 30 б.,; 31 б.; 32 б.; 33б.; 36 б.; 37б.; 50 б.; 64б.; 65 б.; 66 б.; 68 б.; 69 б.; 71 б.; 72 б.; 76 б.; 77 б.; 79 б.; 81 б.;82 б.; 86 б.; 87 б.; 99-90 б.; 102 б.; 103 б.; 104 б.; 105 б.; 106 б.; 107 б.; 108 б.; 109 б.;110 б. , 115 б.;121 б.; 127-128 б. б.;129- б. ; ж.б.).

**7. Сунуштар.**

1. Диссертациялык иштин биринчи бапында статустук мектептердин окуу пландарындагы экологиялык билим берүү, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандырууга байланыштуу предметтердин мазмунуна, сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүү жана экологиялык компетенциялардын тизмегине көңүл буруу, эмгектин илимий баалуулугун жана логикалык ырааттуулугун жогорулатат.

2. Биздин оюбузча, диссертациянын экинчи жана үчүнчү илимий изилдөө милдеттерин изилдөөгө байланыштуу материалдарды жумуштун үчүнчү бапында логикалык ырааттуулук менен берүү туура болот.

3. Диссертациянын экинчи бапында, изилдөөлөрдө колдонулган педагогикалык методдордун аталышын педагогика илиминде кабыл алынган туура аталышта берип, ал методдорду **"эмне себептен" же "кайсы максатта жана кандай милдетти чечүү үчүн"** изилдөөдө колдонулгандыгына, колдонуу менен кандай сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр алынгандыгын таблица түрүндө берүүгө басым жасоо (М. сааттык көлөм менен берүү) жана аларга талдоололорду жүргүзүү, изилдөөнүн кайсы милдетинин көйгөйү чечилгени такталып, ачык берилгенине көңүл буруу сунушталат.

4. Диссертациялык иштин үчүнчү бапында берилген педагогикалык эксперименттин максатын, милдеттерин жана эксперименталдык программанын мазмунун тактоо жана жеткиликтүү, түшүнүктүү мазмунда берүүгө аракет көрүү.

5. Диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде даярдалган практикалык сунуштар, кеңештер мисалдуу жана илимий негизде болбой, үстүртөн болуп калган. Практикалык сунуштар кайрадан диссертацияда алынган материалдардын, жоболордун тыянактары менен байланыштырылып, статустук мектептердин окуучуларына экологиялык билим берүүдө, алардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда (билгичтик жана көндүмдөрдү) качан жана кантип колдонуу керектигине көңүл буруу менен берилип жана тажрыйбалык баалуулуктар менен толукталып, илимий-методикалык жактан байытылып берилсе, эмгектин жана практикалык кеңештердин мазмуну жана илимий баалуулугу жогору болот.

**8. Сунуштамалар.**

1. Диссертациянын 2.2. бөлүмчөсүндөгү статустук мектептин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоодо, кайсы илимий изилдөө методу колдонулгандыгы жана алардын эксперименталдык жол менен кантип текшерилгендигин ачыктоо керек.
2. Диссертациянын кол жазмасында жана авторефератта орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдөрдү кайрадан карап чыгуу жана сүйлөмдөрдү жөнөкөй, түшүнүктүү илимий тилде берүү сунушталат. Кол жазманын сүйлөмдөрүнүн мазмунун, мүмкүн болушунча, илимий тилде жана түшүнүктүү жөнөкөй түзүлүштө (стилде) берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.
3. Илимий изилдөөлөрдөн алынган тыянактардын, натыйжалардын жана жаңылыктардын мазмундук редакциясына көңүл буруу жана аларды илимий жаңылык катарында так жана мазмундуу берүү сунушталат.
4. Диссертациялык иштин тиркемесин толук кайрадан иштеп чыгуу жана изилдөөлөрдө алынган материалдардын, колдонулган анкеталардын жана программалардын үлгүлөрүнүн берилиши сунушталат. Диссертациянын тиркемесине, илимий теманын мазмунун ачууга, милдеттерин чечүүгө байланыштуу изилдөөчү тарабынан жүргүзүлгөн, иштелип чыккан, колдонулган усулдук материалдар жана иш жүзүнө ашырылгандыгы тууралуу актылырдын берилиши туура болот.
5. Диссертациянын кол жазмасында берилген теориялык моделдин жана таблицалардын аталыштарына жана берилишине көңүл буруу жана талаптарга жооп бергидей туура жайгаштыруу сунушталат.

**9. Корутунду.**

Диссертациялык иш, негизинен, педагогика илиминин учурдагы актуалдуу жана көйгөйлүү суроолорунан болгон: статустук мектептердин окуу-тарбия иштериндеги өзгөчөлүктөрдү ачууга; экологиялык билим берүүнүн теориясы менен практикасынын маңызы жана мазмунун аныктоого; жаңы типтеги мектептердин жогорку класстарында окуп жаткан окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун компоненттерин, критерийлерин, деңгээлин аныктоого, теориялык моделин, педагогикалык шарттарын жана практикалык кеңештерин илимий жактан иштеп чыгууга багытталып аткарылган.

Жогоруда белгиленген кемчиликтер, кол жазмада жана авторефератта орун алып калган айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына өтө чоң терс таасирин тийгизбейт. Алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын, жоболордун жана практикалык сунуштардын илимий-методикалык, илимий-теориялык маанилүүлүгү бар.

Диссертациялык иштин илимий негиздүүлүгү жана баалуулугу жалпысынан ортодон жогору бааланат. Изденүүчү **Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык**

**компетенттүүлүгүн калыптандыруу"** - деген темадагы диссертациясынын кол жазмасынын жазылышын, даярдалышын, илимий материалдарынын берилишин Кыргыз Республикасынын **"Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун" 10 п. талаптарына жооп берет** деп эсептесе болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыгыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча **Д. 13.23.662 диссертациялык кеңешине,** 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча берилген **Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин "Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу"-** деген темадагы диссертациясынын кол жазмасын илимий жактан талдап чыгып, диссертациялык иштеги орун алып калган айрым кемчиликтерди, мүчүлүштүктөрдү белгилөө менен, илимий эмгекти **алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылат.**

**Эксперт Джанузаков К.Ч.** ______________________

Эксперт К.Ч.Джанузаковдун колун - **"ТАСТЫКТАЙМ"**
**КТ "Манас" университетинин**
**кадрлар бөлүмүнүн башчысы** ________________ **ВЕХБИ БАШКАПАН**

14. 10. 2023-ж.

Эксперт К.Ч. Джанузаковдун кол тамгасын тастыктайм. Окум катчы: Абдыкапарова А.О.